И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган **Д. 07.20.624 диссертациялык кеңешинин эксперти, тарых илимдеринин доктору Эсенкулов Нурмамат Жокеновичтен** изденүүчү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» аттуу 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган диссертациясына

## КОРУТУНДУ

1. **Диссертациялык кеңеш диссертацияларды коргоого кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин ылайыктуулугу.**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.20.624 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Диссертант белгилүү тарыхчы, археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымын изилдөөгө негизги басымды жасаган.
Демек, изилденип жаткан маселе 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет.

2. **Диссертациялык иштин максаты.**

Диссертациялык иштин негизги максаты — профессор Ю. С. Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдеп, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон өзгөчө салымын тактап көрсөтүү.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Илимий маселенин тарыхнаамалык деңгээлине талдоо жүргүзүлгөн;
- Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөө методдорун аныктап алуу;

- профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун баскычтарын жана чыгармачыл ишмердигин ар кыл өңүттө чагылдырган булактарды изилдөө;
- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон ар тараптуу салымдарын илимий тактоо;
- Ю.С. Худяковдун өмүрүнө жана анын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары жалпылап чагылдыруу;
- Окумуштуу Ю.С. Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоо;
- профессор Ю.С. Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин иликтеп, анын кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз караштарын иликтөө;
- профессор Ю.С.Худяковдун Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын иликтөө;
- профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана "кыргыз" этнониминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоо;
- профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактарын изилдөөлөрүнө сереп жасоо ж.б.

*Изилдөөнүн обьектиси.* Профессор Юлий Сергеевич Худяковдун өмүр жолу жана изилдөөчүлүк ишмердиги.

Жогоруда келтирилген изилдөөнүн максат жана милдеттери, объектиси жана изилдөө ыкмалары 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистигине байланыштуу коюлган талаптарга жооп берет.

Изденүүчү илимий чөйрөгө киргизилген архивдик булактар менен материалдарды изилдөөнүн методологиясына жана изилдөөдө колдонулган методдор аркылуу диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда ыраатуу колдоно алган. Башкача айтканда, илимий изилдөөнүн методологиясын жакшы ачып бере алган.

*Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.*

Постсоветтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жатат. Ошентсе дагы кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жатат.

Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер өзөктүү талаш-тартыш чордонун түзүп келет.

Энесайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын тарыхый жалпылыгына, "кыргыз" этнониминин келип чыгышы маселелерине, Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш аймактардагы кыргыздардын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий, аскердик тарыхына байланыштуу маселелерди, археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келе жаткан чыгаан инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С. Худяковдун XX кылымдын 70-жылдарынын ортосунан бери жүргүзүп келе жаткан археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде чагылдырылып келет.

Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын комплекстүү иликтөөдө профессор Ю.С. Худяков археологиялык, жазма, этнографиялык, географиялык, тилдик маалыматтар менен бирге кыргыздардын фольклордук материалдарын дагы колдонгон.

Илимпоз Ю.С.Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди жаңыча тактоо да — заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн актуалдуу зарылчылык болуп саналат. Ошондуктан, диссертант тандаган теманын *актуалдуу* деп белгилөөгө болот.

Диссертант профессор Ю.С. Худяковдун кыргыздардын этностук тарыхына, кыргыз таануу илимине, кыргыздардын аскердик тарыхына кошкон салымын изилдөөгө кеңири токтолгон. Ошондой эле, автор аталган теманы тарыхый таризде алгачкылардан болуп илимий иликтөөгө алганын белгилөө абзел. Демек, изилденип жаткан илимий ишке тиешелүү деңгээлдеги анализ жүргүзүү менен бирге аталган тема актуалдуу маселелердин бири экендигин айтууга негиз бар.

## 3. <u>**Илимий иштин жаңылыгы.**</u>

Иште илимий-теориялык жактан негизделген, тарых илиминин өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон жаңы илимий жыйынтыктар берилген. Алар:

3.1. Окумуштуу, археолог, кыргыз таануучу, профессор Ю.С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденген;

3.2. Илимий айлампага жаңы архивдик булактар, оозеки жана жазма маалыматтар киргизилген;

- Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданган.
- Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, маданий жана башка тарыхый жалпылыктары Ю.С.Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилденген;
- "Кыргыз" этнонимин тарыхый-этнографиялык, археологиялык, лингивистикалык изилдөөлөрдүн учурдагы акыбалына илимий анализге алынган;
-

3.3. Иштин теоретикалык мааниси маселени жаңы көз караштан кароо менен илимий теорияны байыткандыгында турат,

3.4 Диссертациялык иш квалификацияык талапка ылайык келет. Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган.

Жалпысынан диссертанттын темага тиешелүү 22 макала жазып чыккандыгы илимий изилдөөнүн үстүнөн бир топ иштегендигинен кабар берет.

## 4. <u>**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси.**</u>

Изилдөөнүн жыйынтыктары профессор Ю.С. Худяковдун кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү ээлеген ордун жана аткарган ролун, ошондой эле, жалпы Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын тарыхын изилдөөгө кошкон бараандуу салымын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин даярдоодо көмөкчү болот. Андан тышкары, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнаамасы курстарын түзүүдө жана бул жаатта заманбап мультимедиалык колдонмолорду жаратууда баалуу материал катары колдонулушу мүмкүн.

5. **Автореферattын мазмуну боюнча диссертацияга дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферат тезистин мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине шайкеш келет.

6. **Эскертүүлөр:**

1. Диссертациянын Адабияттардын тизмеси бөлүгүндө ашык адабияттарды алып салуу керек;
2. Айрым археологиялык терминдердин жана курал-жарактардын түшүндүрмөсүн тиркеме бөлүгүндө берилсе иштин баалуулугун арттырмак.

7. **Сунуштар:**

1. Диссертациянын 3-баптын 3.3. бөлүгүндөгү аталган биринчи параграфында кайталанган маанидеги пикирлерди кыскартуу маанилүү.
2. Диссертациянын киришүүсүндө теманын актуалдуулугун, коргоого алып чыгуучу жоболорду маанисин ар бир баптын жыйынтыгына ылайык келгендей чыгаруу керек.
3. Диссертациялык иштин булак таануусу жалпылаштырылган мүнөздө берилип, так анализ берүү жок, ошондуктан Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымын боюнча маанилүү булактардын маанисине анализ берилүүсү зарыл деп ойлойм;

**8. Жетектөөчү уюм катары** Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнография кафедрасы сунушталат.

**Официалдуу оппонент** катары төмөндөгүлөрдү сунуштайм:
- Биринчи официалдуу оппонент катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору **Айдаркул Кааnаны;**
- Экинчи официалдуу оппонент катары Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессору, тарых илимдеринин кандидаты **Кожобеков Муратбек Чалакеевичти** сунуштайм.

**9. Корутунду:**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация коюлган талаптарга жооп берет.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.20.624 диссертациялык кеңешине Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган **диссертацияны коргоого сунуштайт.**

**Эксперт**
**Тарых илимдеринин доктору** **Эсенкулов Н.Ж..**

**Эксперттин колун тастыктайм:**

Диссертациялык кеңештин илимий
катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.

11.01.2022